ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

**ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2023-жылдын 20-январындагы № 5 жыйынынын**

**ТОКТОМУНАН КӨЧҮРМӨ**

**Күн тартиби:**

**Угулду:** ОшМУнун квалификацияны жогорулатуу институтунун директору, доцент А.У. Аккулов «ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинде окуу, окуу-усулдук процесстеринин жана илимий-изилдөө иштерин уюштуруунун абалы» жөнүндөгү маселе менен тааныштырып, Окумуштуулар кеңеши төмөндөгүдөй **чечим кылат:**

1. ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинде окуу, окуу-усулдук процесстеринин жана илимий-изилдөө иштерин уюштуруунун абалы канааттандырарлык деп табылсын.
2. МИТ факультетинде 2022-2023-окуу жылынын ноябрь айында ББСБ катышкан сабактардын сапатынын анализинде көрсөтүлгөн кемчиликтер четтетилсин, бул багыттагы жалпы иштер жакшыртылсын.
3. Факультетте кызматкерлердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу боюнча окуу курстарын уюуштуруп өткөрүү иштеринин алгылыктуу экендиги белгиленсин жана бул боюнча иштер башка стуктуралык бөлүмдөргө жайылтылсын.
4. Магистрдик жумуштардын сапатын жакшыртуу максатында факультеттин билим берүү мекемелери менен байланыштары күчөтүлсүн жана магистратура программалары боюнча окутууну дистанттык окутуу технологияларына (формасына) өткөрүүгө көмөк көрсөтүлсүн.
5. Факультеттин эл аралык байланыштары боюнча бекитилген иш пландары учур талабына ылайык жаңылансын, студенттердин тышкы академиялык мобилдүүлүк программаларын ишке ашыруу, гранттык илимий долбоорлорго жана илимий иштердин конкурстарына катышуу боюнча иштер улантылсын.
6. Педагогикалык жана өндүрүштүк практикаларды уюштуруунун жана өткөрүүнүн деңгээлин жогорулатуу боюнча аракеттер жүргүзүлсүн.
7. Факультеттин илимий иштери боюнча иш планы, илимий темалардын аткаруу мөөнөттөрү, илимий иштердин сайтта чагылдырылышы, студенттик илимий ийримдердин иштеши жана окутуучулардын студенттик илимий иштерге жетекчилик кылуусу боюнча ишмердиги иретке келтирилсин.
8. Учурда МИТ факультетинде студенттердин саны көп болгондугуна байланыштуу факультеттин аудиториялык фондунун жетишсиздиги

боюнча маселени айрым жабык турган аудиторияларды пайдалануу мүмкүнчүлүгү аркылуу чечип берүү жагы каралсын.

9. Электрондук документ алмашууга толук кандуу өтүү, АЧД тарабынан кеңсе буюмдары менен жетиштүү камсыздоону ишке ашыруу тиешелүү тараптарга милдеттендирилсин.
10. Бул токтомдун аткарылышын жалпы көзөмөлдөө окуу иштери боюнча проректору, доцент З. С. Божоновго жүктөлсүн.

**Окумуштуулар кеңешинин**
**төрагасы, профессор** **К. Г. Кожобеков**

**Окумуштуу катчы, доцент** **Дж.Ж. Асанбекова**